КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
БАТКЕН ОБЛУСУ
КАДАМЖАЙ РАЙОНУНУН
ИСХАК-ПОЛОТХАН АЙЫЛ
АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК
КЕҢЕШИ
Iskhak_polothan@mail.ru

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
БАТКЕНСКАЯ ОБЛАСТЬ
КАДАМЖАЙСКИЙ РАЙОН
АЙЫЛНЫЙ КЕҢЕШ
ИСХАК-ПОЛОТХАНСКОГО
АЙЫЛНОГО АЙМАКА
Iskhak_polothan@mail.ru

**Исхак-Полотхан айыл аймагынын айылдык кеңешинин жетинчи чакырылыш кезексиз отуз экинчи сессиясы**

**30.11. 2023-жыл.** **ТОКТОМ №100** **Жениш айылы.**

**Исхак-Полотхан айыл аймагынын Ирилеш, Ак-Өргө, Таш-Дөбө айылдарынын ички жолдорун асфальттоо иштерине айыл өкмөтүнүн бюджетинен өздүк салым кошуу жөнүндө.**

Исхак-Полотхан айыл аймагынын социалдык инфраструктурасын жакшыртуу максатында демилгечи топтор аркылуу Кыргыз Республикасынын каржы министрлигинин үлүштүк дем берүүчү грантына даярдалган долбоорлорду ишке ашыруу максатында Исхак-Полотхан айылдык кеңешинин кезексиз отуз экинчи сессиясына сунушталган маселелерди талкуулап чыгып, Исхак-Полотхан айылдык кеңеши токтом кылат:

1.Исхак-Полотхан айыл аймагынын Таш-Дөбө айылындагы А.Юлдашев көчөсүнөн 500 метр, Ак-Өргө айылынын А.Турдалиев көчөсүнөн 500 метр, Ирилеш айылынын Токтогул көчөсүнөн 500 метр жолун асфальттоо үчүн түзүлгөн долбоорду дем берүүчү гранттын эсебинен ишке ашыруу үчүн Исхак-Полотхан айыл өкмөтүнүн 2024-жылдын бюджетинен өздүк салым катары :
- Таш-Дөбө айылындагы А.Юлдашев көчөсүнө 646 110 сом;
-Ак-Өргө айылынын А.Турдалиев көчөсүнө 763 400 сом;
-Ирилеш айылынын Токтогул көчөсүнө 752 669 сом сом ажыратылсын.

2.Токтомду мыйзамда белгиленген тартипте аткарууга алуу Исхак-Полотхан айыл өкмөтүнө милдеттендирилсин.

3.Ушул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы бюджет, инвестиция, экономика, ишкердик иштери жана коомдук уюмдар боюнча туруктуу комиссиясына жуктолсун.

4.Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын жана айылдык кеңештин регламентинин талаптарына ылайык ушул токтомду Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигинин ченемдик укуктук актыларынын реестрине каттоо жагы айылдык кеңештин жооптуу катчысы О.Шакировго милдеттендирилсин.

**Төрага** **Кожонов З.Ы.**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
БАТКЕН ОБЛУСУ
КАДАМЖАЙ РАЙОНУНУН
ИСХАК-ПОЛОТХАН АЙЫЛ
АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК
КЕҢЕШИ**
Iskhak_polothan@mail.ru

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
БАТКЕНСКАЯ ОБЛАСТЬ
КАДАМЖАЙСКИЙ РАЙОН
АЙЫЛНЫЙ КЕҢЕШ
ИСХАК-ПОЛОТХАНСКОГО
АЙЫЛНОГО АЙМАКА**
Iskhak_polothan@mail.ru

**Исхак-Полотхан айыл аймагынын айылдык кеңешинин жетинчи чакырылыш кезексиз отуз экинчи сессиясы**

**30.11. 2023-жыл. ТОКТОМ №101 Жениш айылы.**

**Исхак-Полотхан айыл аймагынын Ынтымак айылынан Д.Бабаназаров, А.Орозбеков, Гөзал ата, көчөлөрүн Кыргыз Республикасынын транспорт жана жолдор министирлигине караштуу жол чарба департаментинин №46 Жол тейлоо мекемесинин балансына өткөрүп берүү жөнүндө**

Исхак-Полотхан айыл аймагынын социалдык инфраструктурасын жакшыртуу максатында Исхак-Полотхан айылдык кеңешинин кезексиз отуз экинчи сессиясына сунушталган маселелерди талкуулап чыгып, Исхак-Полотхан айылдык кеңеши токтом кылат:

1.Исхак-Полотхан айыл аймагынын Ынтымак, Д.Бабаназаров, А.Орозбеков, Гөзал ата, көчөлөрүн Кыргыз Республикасынын транспорт жана жолдор министирлигине караштуу жол чарба департаментинин №46 Жол тейлоо мекемесинин балансына өткөрүп берүүгө макулдук берилсин.

2.Токтомдун аткарууга алуу Исхак-Полотхан айыл өкмөтүнүн башчысы Ж.Дыкановго милдеттендирилсин.

3.Токтомдун аткарылышын көзөмөлгө алуу Исхак-Полотхан айылдык кеңешинин айыл чарба, жер, муниципалдык менчик, архитектура, курулуш жана транспорт боюнча туруктуу комиссиясына милдеттендирилсин.

4.Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын жана айылдык кеңештин регламентинин талаптарына ылайык ушул токтомду Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигинин ченемдик укуктук актыларынын реестрине каттоо жагы айылдык кеңештин жооптуу катчысы О.Шакировго милдеттендирилсин.

**Төрага Кожонов З.Ы.**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**БАТКЕН ОБЛУСУ**
**КАДАМЖАЙ РАЙОНУНУН**
**ИСХАК-ПОЛОТХАН АЙЫЛ**
**АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК**
**КЕҢЕШИ**
Iskhak_polothan@mail.ru

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**БАТКЕНСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**КАДАМЖАЙСКИЙ РАЙОН**
**АЙЫЛНЫЙ КЕҢЕШ**
**ИСХАК-ПОЛОТХАНСКОГО**
**АЙЫЛНОГО АЙМАКА**
Iskhak_polothan@mail.ru

---

**Исхак-Полотхан айыл аймагынын айылдык кеңешинин жетинчи чакырылыш кезексиз отуз экинчи сессиясы**

**30.11. 2023-жыл.** **ТОКТОМ №102** **Жениш айылы.**

**Исхак-Полотхан айыл аймагында жерлердин бир түрүнөн башка категорияга которуу жөнүндө**

Исхак-Полотхан айыл аймагынын социалдык инфраструктурасын жакшыртуу максатында Исхак-Полотхан айылдык кеңешинин кезексиз отуз экинчи сессиясына сунушталган маселелерди талкуулап чыгып, Исхак-Полотхан айылдык кеңеши токтом кылат:

1. Исхак-Полотхан айыл аймагынын Гүлдүрөмө айылынын түштүк тарабынан Исхак-Полотхан Асан уулунун эстелигин тургузуу, музей уюштуруу жана көктөндүрүү максатында айыл чарбасына жараксыз таштак жайыттан 0,50 га жер аянтынын багытын өзгөртүү, муниципалдык менчикке алуу Исхак-Полотхан айыл өкмөтүнө сунушталсын.

2.Токтомду аткарууга Исхак-Полотхан айыл өкмөтүнө (Ж.Дыкановго) милдеттендирилсин.

3.Токтомдун аткарылышын көзөмөлгө алуу Исхак-Полотхан айылдык кеңешинин айыл чарба, жер, муниципалдык менчик, архитектура, курулуш жана транспорт боюнча туруктуу комиссиясына милдеттендирилсин.

4.Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын жана айылдык кеңештин регламентинин талаптарына ылайык ушул токтомду Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигинин ченемдик укуктук актыларынын реестрине каттоо жагы айылдык кеңештин жооптуу катчысы О.Шакировго милдеттендирилсин.

**Төрага** **Кожонов З.Ы.**

| | | |
|---|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**<br>**БАТКЕН ОБЛУСУ**<br>**КАДАМЖАЙ РАЙОНУНУН**<br>**ИСХАК-ПОЛОТХАН АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ**<br>Iskhak_polothan@mail.ru | | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**<br>**БАТКЕНСКАЯ ОБЛАСТЬ**<br>**КАДАМЖАЙСКИЙ РАЙОН**<br>**АЙЫЛНЫЙ КЕҢЕШ**<br>**ИСХАК-ПОЛОТХАНСКОГО АЙЫЛНОГО АЙМАКА**<br>Iskhak_polothan@mail.ru |

**Исхак-Полотхан айыл аймагынын айылдык кеңешинин жетинчи чакырылыш кезексиз отуз экинчи сессиясы**

**30.11. 2023-жыл.** **ТОКТОМ №103** **Жениш айылы.**

**Исхак-Полотхан айыл аймагында жерлердин бир түрүнөн башка категорияга которуу жөнүндө**

Исхак-Полотхан айыл өкмөтүнүн 27.11.2023-жылдагы №01-10/1129 сунуш катын, Исхак-Полотхан айылдык кеңешинин кезексиз отуз экинчи сессиясына сунушталган маселелерди талкуулап чыгып, Исхак-Полотхан айылдык кеңеши токтом кылат:

1.Исхак-Полотхан айыл аймагынын Шады айылынын түштүк-чыгыш тарабынан долбоорлонуп жаткан суу сактагыч куруу үчүн айыл чарбасына жараксыз таштак жайыттан 15,0 га жер аянтынын багытын өзгөртүүгө макулдук берилсин.

2.Токтомду аткарууга Исхак-Полотхан айыл өкмөтүнө (Ж.Дыкановго) милдеттендирилсин.

3.Токтомдун аткарылышын көзөмөлгө алуу Исхак-Полотхан айылдык кеңешинин айыл чарба, жер, муниципалдык менчик, архитектура, курулуш жана транспорт боюнча туруктуу комиссиясына милдеттендирилсин.

4.Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын жана айылдык кеңештин регламентинин талаптарына ылайык ушул токтомду Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигинин ченемдик укуктук актыларынын реестрине каттоо жагы айылдык кеңештин жооптуу катчысы О.Шакировго милдеттендирилсин.

**Төрага** **Кожонов З.Ы.**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**БАТКЕН ОБЛУСУ**
**КАДАМЖАЙ РАЙОНУНУН**
**ИСХАК-ПОЛОТХАН АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ**
Iskhak_polothan@mail.ru

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**БАТКЕНСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**КАДАМЖАЙСКИЙ РАЙОН**
**АЙЫЛНЫЙ КЕҢЕШ**
**ИСХАК-ПОЛОТХАНСКОГО АЙЫЛНОГО АЙМАКА**
Iskhak_polothan@mail.ru

**Исхак-Полотхан айыл аймагынын айылдык кеңешинин жетинчи чакырылыш кезексиз отуз экинчи сессиясы**

**30.11. 2023-жыл.** **ТОКТОМ №104** **Жениш айылы.**

**Муниципалдык базар жөнүндө**

Исхак-Полотхан айылдык кеңешинин кезексиз отуз экинчи сессиясына сунушталган маселелерди талкуулап чыгып, Исхак-Полотхан айылдык кеңеши токтом кылат:

1.Халмион айылдык кеңешинин 06.11.2010-жылдагы №14/2 токтомуна өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндөгү Халмион айылдык кеңешинин 02.05.2019-жылдагы №76 токтомунун 2-пунктуна өзгөртүүлөр киргизилсин.

2.Кадамжай райондук мамлекеттик администрациясынын 17.01.2011-жылдагы №1-4/03 токтому менен трансформацияланган 12 га жер аянты муниципалдык менчиктеги базар соода түйүндөрүн ачуу багытында иштетилсин.

3. Муниципалдык базарга кирген жолдорду тактап жолдорду ачуу масатында Баяман баатыр базары менен чектеш жайгашкан коммерциялык багыттагы жерлердин трансформация боюнча иш кагаздары, айыл өкмөтү менен Баяман баатыр базарынын эски базардын ордуна жер алмаштыруу боюнча түзүлгөн келишим, жана башка тийиштүү документтер боюнча маалымат берүү Исхак-Полотхан айыл өкмөтүнө (Ж.Дыкановго) милдеттендирилсин.

4. Айылдык кеңештин айыл чарба, жер, муниципалдык менчик, архитектура, курулуш жана транспорт боюнча туруктуу комиссиясы менен биргеликте муниципалдык базардын чегараларын баштапкы генпланга ылайык так аныктоо, муниципалдык базарды иштетүү боюнча иш-чаралар планын 01.01.2024-жылга айылдык кеңештин кароосуна сунуштоо;
-Муниципалдык базардын соода павилиондорунун, курулуш материалдарды сатуу бөлүгү, унаа токтотуучу жайлар жана башка соода жайларынын жайгашуусу боюнча долбоорун иштеп чыгуу Исхак-Полотхан айыл өкмөтүнө (Ж.Дыкановго) милдеттендирилсин.

5. Ушул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы айылдык кеңештин айыл чарба, жер, муниципалдык менчик, архитектура, курулуш жана транспорт боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

4.Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын жана айылдык кеңештин регламентинин талаптарына ылайык ушул токтомду Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигинин ченемдик укуктук актыларынын реестрине каттоо жагы айылдык кеңештин жооптуу катчысы О.Шакировго милдеттендирилсин.

**Төрага** **Кожонов З.Ы.**